DOI:10.26104/NNTIK.2022.55.18.059

*Сейтмуратова А.Ж.*

# МАРКАБАЕВ САИТБЕК ГУЛБАЕВИЧ – КЫРГЫЗСТАНДЫН «ЛЕГЕНДАРЛУУ ПАРЛАМЕНТИНИН» ДЕПУТАТЫ

*Сейтмуратова А.Ж.*

# МАРКАБАЕВ САИТБЕК ГУЛБАЕВИЧ – ДЕПУТАТ «ЛЕГЕНДАРНОГО ПАРЛАМЕНТА» СУВЕРЕННОГО КЫРГЫЗСТАНА

*A. Seitmuratova*

# MARKABAEV SAITBEK GULBAEVICH – DEPUTY OF THE «LEGEHDAPY PARLIAMENT» OF SOVEREIGN KYRGYZCTAN

*УДК: 811*

*Бул макала «Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 30 жылдыгына арналып, «легендарлуу парламенттин» мүчөсү, 1990-1995-жж. Кыргыз ССРинин Эл депутаты – биздин жердешибиз Маркабаев Саитбек Гулбаевич жана анын жаш, көз карандысыз Кыргыз мамлекетинин келечеги үчүн кызмат кылганы жана Кыргыз Республикасынын Баткен согушунун ардагерлер кенешинин мүчөсү «Баткен окуясынын» катышуучусу өз элине, жерине чын дилден берилип сүйүп, көздүн карегиндей коргоп, Кыргыз Республикасынын эн четки аймагы болгон Баткен районундагы 1999-жылы август, сентябрь айларындагы куралдуу күчтөр менен күрөшүүдө өзүн кыргыз элинин патриоту катары көрсөтө алгандыгын, эмгекчилдигин анын басып өткөн жолун изилдөө, кийинки муундарга үлгү болоорлук инсандык сапаттары жөнүндө, жергиликтүү тарыхты, тарыхта из калтырган көрүнүктүү инсандарды билүү жана кийинки муундарга жеткирүүнүн актуалдуулугу жөнүндө баяндалат.*

***Негизги сөздөр**: Ата мекен, тарых, патриоттук сезим, депутат, парламент, атуулдук милдет, инсан, жоопкерчиликтүүлүк, кажыбас эмгекчилдик, көз карандысыздык.*

*Данная статья посвящена 30 летию независимости Кыргызской Республики, в ней говорится о выдающейся личности – депутате Киргизской ССР Маркабаеве Саитбек Гульбаевиче. В период переходного периода 1990-1995 гг. наш земляк являлся депутатом «легендарного парламента» 12 созыва. В первые годы независимости Кыргызстана уделял большое внимание на укрепление и процветание южного региона (Баткенская область) страны. Саитбек Гульбаевич был членом Совета Ветеранов и участником Баткенских событий. Принимал участие в боевых действиях по локализации и уничтожению иностранных банд-формирований на территории Баткенского района в 31.08.1999 по 21.10.1999 гг. Любовь к Родине, патриотизм, нравственное отношение к подрастающему молодому поколению, которое передают наше старшее поколение и является неоспоримым объектом актуальности в нашем современном мире.*

***Ключевые слова:** Родина, история, патриотический дух, депутат, парламент, личность, гражданская обязанность, ответственность, трудолюбивость, независимость.*

*This article is dedicated to the 30th anniversary of the independence of the Kyrgyz Republic, it talks about an outstanding personality – a deputy of the Kyrgyz SSR Markabaev Saitbek Gulbaevich. During the transition period of 1990-1995, our countryman was a deputy of the "legendary parliament" of the 12th convocation. In the first years of Kyrgyzstan's independence, he paid great attention to the strengthening and prosperity of the southern region (Batken region) countries. Saitbek Gulbaevich was a member of the Council of Veterans and participants of the Batken events. He took part in the fighting to localize the destruction of foreign gang formations on the territory of the Batken district from 31.08.1999 to 21.10.1999. Love for the Motherland, patriotism, moral attitude to the younger generation, which is transmitted by our older generation and is an indisputable object of relevance in our modern world.*

***Key words:** Motherland, history, patriotic spirit, deputy, parliament, personality, civic duty, responsibility, diligence, independence.*

Адам баласынын өмүрү эки гана нерседен турат. Биринчиси, анын жашап өткөн өмүрү болсо, экинчиси, артында калтырган изи. «Адам эмгеги менен элге таанылат» - деген чындык.

Өткөн советтик доорундагы, Сүлүктү элинин чыгаан уулдарынын бири, жергебизде патриоттук сезими менен иштеп, Ата Мекенин жаныңдай сүйүп жашаган, «депутат» деген аты менен эл оозунда жана көзүндө калган жердешибиз – Маркабаев Саитбек Гулбаевич.

Саитбек Гулбаевич жөнөкөй жумушчудан баштаган кадамы чон турмушта сыналып олтуруп, Кыргыз ССРинин Эл депутаттыгына чейин жеткен. Адам басып өткөн жолду артка кылчайып караганда не деген гана өмүр сарпталган эмгектер жатат. Айрыкча элдик тагдырга ээ болгон атуулдарга айтылуучу бул сөздүн таржымалы да жөн эмес. Анткени Саитбек ага ошондой бийик сөзгө татыктуу инсан.

Кыргыз ССРинин Эл депутаты (1990-1995-жж.), Баткен окуясынын катышуучусу Маркабаев Саитбек Ош областынын Сүлүктү шаарынын кулуну. Өрнөк өмүрүнүн көбүн ал кен казуу иштерине, элди коргоого арнаган. Кезегинде 1980-жылы Кыргыз ССРинин кесипчилик-техникалык билим берүү боюнча мамлекеттик комитетине караштуу №8 кесиптик-техникалык орто окуу жайына кирип, аны 1983-жылы «машинист-экскаватор» кесиби боюнча толук курсун бүтүрүп жана жалпы орто билимге ээ болгон. Окууда өзүнүн спорттук жана башка иш чараларда активдүүлүгүн көрсөтүп, бир нече мактоо баракчаларын алууга жетишкен. 1983-жылы 10-октябрда Ош областтык

Сүлүктү шаардык аскердик комиссариаты тарабынан аскердик кызматка чакырылып, 1983-1985-жылдары Монгол Эл Республикасында №84881 аскердик бөлүгүндө кызматта өзүнүн үлгүлүү жактарын көрсөтүп, катардагы жоокер, ефрейтор, кичи сержант, сержант, 1 класстагы Улук сержант кызматтарын абийирдүүлүк менен аткарып, Аткыч жоокерден Улук аткыч, бөлүмдүн командирлигине чейин жогорулап, «Совет армиясынын мыктысы» төш белгиси менен сыйланган [1].

Эмгек жолун 1986-жылы Сүлүктү шаарындагы Шахта башкармалыгы №6/18 мамлекеттик шахтасында Өткөөлчү болуудан баштаган. Ошол учурдагы күрдөөлдүү Комсомолдук жаштар бригадасынын бригадири болуп чакан жамаатты мыкты башкарып, эмгекке дилгир, эс алууну билбеген, жоопкерчиликти сезе билген адис бат эле жалпы жамааттын оозуна алынып, бригадасы менен жумуштук пайыздарын нормадан ашыкча аткарып, эмгеги менен аброю жогорулаган. Натыйжада, 1990-жылы жамаат тарабынан Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Эл депутаттыгына талапкерлиги көрсөтүлүп, 1990-жылы апрелде Кыргыз ССР Жогорку Советинин он экинчи чакырылышындагы Кыргыз ССР Эл депутаты (1990-1995-жж.) Күбөлүк №237 мандатына ээ болгон. 1990-1995-жж. Кыргыз парламентинин жүргүзгөн иштеринде орду бар, бир нече мыйзамдардын каралышында добушу бар, эгемендүүлүктү алууга салымын кошкон Бекмамат Осмонов, Бегиш Аманов, Өмүрбек Текебаев, Абсамат Масалиев, Топчубек Тургуналиев, Шергазы Мамбетовдор менен бир залда отуруп, чогуу иштеген «легендарлуу парламенттин» мүчөсү. Ал жогорку бийлик баскычына өзүнүн жумушка жоопкерчиликтүү мамилеси, иш билгилиги, жамаат менен тил табыша ала тургандыгы, жан дүйнөсүнүн тазалыгы, кажыбас эмгекчилдиги аркылуу жеткен.

Кыргыз парламентинин таржымалына кайрылсак элдин эсинде «легендарлуу парламент» катары калган он экинчи чакырылыштагы Кыргыз ССР Жогорку Совети 1990-жылы шайланган. Ал 1990-жылдын апрель айынан 1994-жылдын сентябрь айына чейин иштеген, 1993-жылдын май айынан баштап, жаны Конституциянын кабыл алынышы менен Кыргыз мамлекетинин мыйзам чыгаруу органы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенеши деп аталып, парламенттин курамы тике шайланган 350 депутаттан турган. Ошол тарыхый учурда XII чакырылыштагы парламент тарабынан Эгемендүүлүк жөнүндө декларация (1990-ж. 15-декабрь), Көз карандысыздык жөнүндө декларация (1991-ж.31-август) кабыл алынып, эгемендүү Кыргызстандын алгачкы Президенти шайланган (1991-жылы 12-октябрь), ошондой эле эгемендүү Кыргыз Республикасынын алгачкы Конституциясы кабыл алынган (1993-жылы 5-май), улуттук валюта – сом (1993-жылы 10-майда) киргизилип, жүгүртүүгө берилип, мындан сырткары мамлекеттин башкы символдору саналган – Желек (1992-ж. 3-мартта), Гимн (1992-ж. 18-декабрда) жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик Гербин (1994-ж. 14-январда) кабыл алууда добушу бар.

2020-жылдын күзүндө бул парламенттин таратылгандыгына 26 жыл болду. Эгемен өнүгүүнүн башатында турган тарых-таржымалы, өткөөл доордун оош-кыйыштары тууралуу техника илимдеринин доктору Шергазы Мамбетовдун «Азаттык» үналгысына берген маалыматына таянсак: «Легендарлуу парламент максатына жетпей калган» - деп аныктама берген [2]. Азыркы учурда эл арасында ар түрдүү сөздөр, маалыматтар кездешет. Бирок, канткенде да «легендарлуу парламент» өз жумушун мыйзамдуу түрдө аткарып, жаш мамлекеттин калыптанышына аракетин жасаган деп ойлойм.

«Жакшы адам белгиси эл камы үчүн күйүгөт»-деген ата-бабаларыбыздын накыл сөздөрүндө айтылгандай, депутат аганын өзгөчө боорукердик, мээримдүүлүк сапаттарына да токтолбосок болбос. Анын жакшы сөзү бар эле «сүрдүк»деген, анткени ким болобу? бир тууганыбы, ата тарабынанбы, тага тарабынанбы, досторубу, ал тургай кошуналарына да колунан келген жардамын аябаган, бай-кедейге бөлбөгөн, элдик маарекелерде өз кызматынан танбаган, ишти алга карай сүргөн, эсеп тапкан, көчтү баштаган, ак көнүл, колу ачык жан эле. Муктаж адамдарга керек болсо руханий, ал тургай материалдык да жардамын аячу эмес, иш билги, дилгир инсан эле.

Ал эми анын мекенчилдиги тууралуу айтпай өтүү мүмкүн эмес!

Туулган жер баарынан ыйык. Баарынан кымбат, эч нерсеге алмаштыргыс. Ар кимдин өзүнүн туулган жери – Мисир дешкен. Туулган жердин бир ууч топурагынын мааниси чоң. Илгери адамдар таарынышканда бири-бирине бир ууч топурак түйүп беришкен, бул «экинчи жүзүндү көрбөйүн» дегенди түшүндүргөн. Ал эми туулган жерден алыстаганда, согушка кеткенде бир ууч топурагын ала кетишип, жанында көздүн карегиндей сакташып, жыттап, сагынычын таратышкандыгын тарыхтан билебиз.

«Мен уулумун шамал жиреп өскөн кыргыздын», «Мекенимдин таштары – алтын, суусу – дары» деген түшүнүктөр, байыркы ата – бабаларыбыздын өз мекени үчүн канын, жанын аябаган эрдик сапаты мүнөздөлгөн мына ушу биздин Саитбек агабызда калыптанган.

XX кылымдын аягында дүйнөлүк алкакта эл аралык терроризм күч алган эле. Аны менен тыгыз байланышкан экстремисттик борборлор, Борбордук Азияны, анын ичинде Кыргызстанды, ислам дининин таасири күчтүү чөлкөмдөрүн экспансиялап алуу аракети жасалган. Диний экстремисттердин тобу өздөрүн эл ыйык тутуп, баалаган ислам динин жамынып алы-

шып, колдоруна курал алып, 1999-жылдын август айында эгемендүү Кыргыз Республикасынын түштүгүнө киришип, Баткен районунда өздөрүнүн лагерлерин курган жана аларды чындоого аракет кылган. Бир катар кыштактарды басып алууга үлгүргөн. Өздөрүн Өзбек Республикасынын мамлекеттик бийлигинин оппозициясы эсептеген бандиттик топтор мамлекеттин аймагын өздөрүнүн базасына айландыруу, тажрыйбасы жок жергиликтүү жаштардын башын айландырып, өздөрүнө тартуу, алардан келечектеги баскынчыларды даярдоо максатын көздөшкөн [3. 579-б.].

Маркабаев Саитбек 1999-жылдын 31-августунан 21-октябрга чейин №75124 аскердик бөлүгүндө Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоодо, бандиттик топторду талкалоодо атылуучу заттарды издөөчүнүн кошточусунун (сапер помощник гранатом) Улук сержанттын кызматын аткарып, аскерге жөндөмдүүлүгүн, патриоттуулугун көрсөткөн.

Замандаштары анын тазалыгына, бийик адамгерчиликтигине, акыйкаттыгына жогору баа берип келишет.

Саитбек ага турмушта да бактылуу тагдырдын ээси. Өмүрлүк жары Анипа Маркабаева экөө 1 кыз, 3 уулду заманбап тарбиялап, 3 неберенин жытын жыттап бактылуу ата-энелик доорду көрүштү.

**Алган сыйлыктары:**


Окуудагы, спорттогу, аскердик машыгуудагы жетишкендиктери үчүн 3 диплом жана 5 Ардак Грамотасы; Мындан сырткары 5 күбөлүк (удостоверение), 8 Төш белги, 3 Министрликтин Ардак Грамотасы (КР Энергетика министрлиги, Республикалык «Көмүр» мамлекеттик ишканасы, Республикалык Баткен Согушу Ардагерлер Кенеши) менен сыйланган.

Бирок, адам өмүрүнө кастарын тиккен өлүм, аны арабыздан өз мезгилинен эрте алып кетти. «Баткен окуясынын катышуучусуна» өз кезеги келгенде Ардагер укуктук абалы берилээрин, ошондой эле КР Өкмөтүнүн Ардак Грамотасына ээ болуу менен бирге персоналдык пенсияга чыгууну каалап, ниеттенип жүрүп, кенчилердин (женилдетилген) ардактуу эс алуусуна да чыкпай (эмгек күнү жетсе да) күтүп жүрүп, өтүп кетти. Эч болбогондо пайгамбар жашына да жетпестен үй-бүлөсүн, жакындарын, эли-журтун кайгыга салып тирүүлүктүн айлынан кайтпас күнгө калкып кете берди…

Жакшы адамды кимдер гана эскербейт. Тирүүлүктүн бир парзы да ушул эмеспи, унутпай атын атап, таазим эте жүрүү зарыл. Бир гана арман – Саитбек ага элине чоң эмгектерди тартуулаарда, ушул уул, кыздардын урмат-сыйын көрөөрдө ааламдан өткөнү кимди болсун кейитет. Алтын башы аман турганда депутат ага 20 – декабрда 58 жашка эми толмок… Тагдырга адамдын алы жетпейт тура. Ошентсе да кыргыз элинде «Жакшынын арты той болсун» - деп тилек кылган салт бар. «Жакшынын жарыгы өчпөйт» деген ушудур. Саитбек аганын артында калган уулдары, кыздары жана элде унутулбай калган эмгеги жакшынын жарыгы эмей эмне, ошол жарык өчпөсүн.

Ушул макаламды «Эр энеден туулат, эл үчүн өсөт» деген элдик накыл сөз менен жыйынтыктап, элдин ичинде Саитбек аганын жолун жолдогон, Ата Мекенин сүйгөн, эмгекчил, ак ниет, кайраттуу жигиттер көп болсун, Ата Мекенибизде ар дайым тынчтык болуп, мамлекетибиз өнүп-өссүн, гүлдөсүн деген ниетимди билдиремин.

**Тиркеме:**



**1-сүрөт.** Кыргыз ССРинин Эл депутаты Маркабаев С.Г.

**Адабияттар:**


1. Маркабаевдин өздүк архиви. Военный билет НС №2795525
2. «Азаттык» үналгысы, 8-апрель 2014-жыл.
3. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (Эң байыркы мезгилден азыркы кезге чейин). - Б., 2003.
4. Сейтмуратова А.Ж. Улуу Үркүн - кыргыз элинин теңсиздигинин натыйжасы. / Наука и новые технологии. - Бишкек, 2016. - №8. - Часть 1 С. 193-195. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2016/8/
5. Сейтмуратова А.Ж., Мадмуратова З.Г. Эне жөнүндө коомдук-философиялык ойлордун маанилүүлүгү / А.Ж, Сейтмуратова. / Известия ВУЗов Кыргызстана. - Бишкек, 2018. - №5. - С. 184-186. http://www.science-journal.kg/ ru/journal/2/2018/5/